# Жөргөмүштөр дүйнөсү



Автор: Ранжит Лал

Сүрөтчү: Санжай Саркар

Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

# Жөргөмүштөр дүйнөсү

Автор: Ранжит Лал
Сүрөтчү: Санжай Саркар
Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жөргөмүштөр дүйнөсү" (кыргыз тилинде), Үмүт Жолдошова тарабынан которулуп адаптацияланган. Nature's Webmasters (англисче) чыгарманын негизинде, автору Ranjit Lal, сүрөтчүсү Sanjay Sarkar, Pratham Books © 2008 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/91637-nature-s-webmasters

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom







– Сен жөргөмүштү көрсөң, эмне кыласың? Көпчүлүк адамдар чочуп, кыйкырып жиберишет. Айрымдар алакан менен чаап салышат. Бирок жөргөмүштү өлтүрүүнүн кажети жок. Анткени алар арбайып коркунучтуу көрүнгөнү менен, зыянкеч курт-кумурскаларды жок кылып, адамга көп пайда алып келишет.

Достор, жөргөмүштү чаппагыла!


Дүйнө жүзүндө жөргөмүштүн 30 миң түрү жашайт, алардын көпчүлүгү адамга зыян келтирбейт. Алар чымындарды, чиркейлерди жана башка курт-кумурскаларды жешет. Жөргөмүштөрдүн бир нече түрү гана уулуу келет.

Кыргызстанда кездешкен жөргөмүштөрдүн көбүнүн адамга зыяны жок. Бирок биздин өлкөдө “кара курт” деген уулуу жөргөмүш ээн талааларда жана тоо этектеринде кездешет. Эгер чагып алса, адам деми кыстыгып, кара терге түшөт, кээде өлүмгө дуушар болушу мүмкүн. Кара курттан абайлагыла!



Жөргөмүштүн сегиз буту, алты же сегиз көзү бар, денеси эки бөлүктөн турат. Жөргөмүш курт-кумурскаларга эмес, өзүнчө Арахниддер тобуна кирет.

Алардын көлөмү ар кандай болот. Айрым түрлөрү өтө майда. Аларды көрүү үчүн лупа керек. Ошондой эле көлөмү чоң жөргөмүштөр дагы кездешет. Жөргөмүштөрдүн көбү желе токушат.






Жөргөмүштүн желесине таңкы шүүдүрүмдүн тамчылары туруп калса, берметтей болуп, эң эле кооз көрүнөт. Жөргөмүштөрдүн көбү курт-кумурскаларды кармоо үчүн тор жайып, олжосун күтүп отурат.

Жөргөмүштүн бир нече түрү дайыма эртең менен желе токуп, жайган торун кечинде кайра жеп алат. Желе жиптери белоктон тургандыктан, аны кайра иштетип, эртең менен кайра жаят. Мына, сарамжал токуучу деп ушуну айтсак болот!

Таң заарында желедеги шүүдүрүмдүн тамчылары кудум эле берметтей!



Жөргөмүш жаңы торду кылдаттык менен жарым саатта токуйт. Желенин негизги жиптерин тарткандан кийин, жөргөмүш атайын жабышкак жипчелер менен тордоп чыгат. Мына кызык! Жөргөмүш өзү дайыма отура турган желенин ортосун жана өзү жөрмөлөп жүрүүчү жиптерин жабышкак эмес жиптен токуйт экен!

Бардык эле жөргөмүштөр кооз желе токуй беришпейт. Кээ бирлери жабышчаак эмес жиптерден чатыр сыяктуу тор токуп, аны өтүп бараткан курт-кумурскалардын үстүнө сыйыртмактай ыргытат.

Айрым жөргөмүштөр жерге ийин казып, анын оозуна түтүкчө түрүндө тор жасайт да, ичине жашынып отурат. Жакындаган курт-кумурскаларга капыстан кол салып, олжосун ийинине сүйрөп кетет.







Жөргөмүштүн желеси – дүйнөдөгү эң бекем заттардын бири. Желенин жиби болот зымдан да бир нече эсе бекем жана ийкемдүү келет. Ал тургай, ок өтпөс чыптамаларды жасоочу кевлар затынан дагы бекем.

Сен билесиңби? Карандаштын калыңдыгындай эшилсе, жөргөмүштүн жиби учуп бара жаткан “Боинг” самолетун токтото алат экен! Учурда адамзат жөргөмүштүн жибегин жасалма жол менен чыгарууга аракет кылып жатат, бирок азырынча бул иш оңунан чыга элек.

Жөргөмүштүн артында атайын жип чыгаруучу сөөлдөр жайгашкан. Ал сөөлдөрдөн жибек суюктук чыгып, сыртка чыгары менен муздап, жип болуп катып калат.





Жөргөмүштүн жипчелери пайдалануу максатына жараша ар кандай калыңдыкта болот. Мисалы, жаш жөргөмүштөр желенин жардамы менен жаңы конуштарга көчөт. Ал үчүн желенин бир учун даракка жабыштырып, өздөрү бир учуна жабышып алып, шамал менен алыскы аралыкка жете алат.

Желе тиш пастасы сыяктуу суюк, бирок катыгандан кийин болоттон да бекем болот.




Краб жөргөмүштөр менен секиргич жөргөмүштөр башкалардай болуп тор жайбайт. Алар жибек жиптерин коопсуз аркан катары колдонуп, олжосуна дубалдан же жерден секирип кол салат.

Кээ бир жөргөмүштөр желеден пилла жасап, аларга жумурткаларын салып, көтөрүп жүрүшөт. Айрымдары олжосун желе менен ороп, кийинкиге катып коюшат.

Жөргөмүштөр жырткыч болушат. Жөргөмүш кармап алган курт-кумурскага азууларын сайып, шал кылат. Андан соң ашказанынан бөлүнүп чыккан суюктукту бүркүйт. Бир нече сааттан кийин олжосунун ички органдары эзилип, суюктукка айланганда, аны жөргөмүш соруп алат!

Жөргөмүштүн тамагы мындай даярдалат: бир аз күт, курт-кумурсканы карма, аны уу менен жансыздандыр, андан соң тамак сиңирүүчү суюктукту бүрк, даяр ширени соруп ал! Бах, кандай даамдуу!





Жөргөмүштүн үй-бүлөлүк жашоосу дагы ары коркунучтуу, ары кызыктуу! Адатта, ургаачы жөргөмүш эркек жөргөмүштөн бир кыйла чоң жана ырайымсыз келет.

Айрымдары эркегинен бир нече эсе чоң болот – жүз эсе чоңдору да кездешет. Ошондуктан эркек жөргөмүш абдан сылык-сыпаа жана өтө этият болушу кажет. Эгер андай болбосо, аны ургаачысы жеп коюшу мүмкүн!

Албетте, эркек жөргөмүштөр ургаачыларына жагуу үчүн ар кандай амалдарды ойлоп табышкан. Мисалы, кээ бир эркек жөргөмүштөр ургаачынын уясына кирерде, анын желесин кескилеп салышат.

Айрымдары бийлешет. Башкалары болсо желеге оролгон белектерди (ширелүү чымын же чиркейди) беришет.




... сулуу айымга
белекке кел,
же музыка ойно
же бийлеп бер ...



Ургаачы жөргөмүш жумурткасын железен токулган пиллага же капчыкка салып кайтарат. Кээси пилладагы жумурткаларын, ал тургай анын ичинен чыккан жөргөмүштөрүн дагы жонуна көтөрүп алат.
Мен бир жолу бакчадан жөргөмүштү жумуртка пилласына күндө көз салып турдум. Эне жөргөмүш жумурткаларына аяр кам көрүп, нөшөрлөгөн жамгырда да таштаган жок.

Бир күнү карасам, эне жөргөмүш желесин кол чатыр сыяктуу токуп, жумуртка пилласын жаандан коргоп алыптыр. Жаан бүткөндөн кийин эне жөргөмүш жана анын жумуртка капчыгы көрүнбөйт. Аттиң, аларды жаан жууп кеткен го...

Башымды көтөрүп көз чаптырсам, железе ак кичинекей чекиттер ары-бери жөрмөлөп жүрүптүр. Аа, булар ымыркай жөргөмүштөр турбайбы! Токточу, бул кичинекей жөргөмүштөр эмне кылып жатышат?




Эне жөргөмүш жумурткасын эч
качан таштабайт


Жакшылап карасам, жаш жөргөмүштөр бири-биринин жиптерин үзүп салууга аракет кылып жатышыптыр! Жөргөмүш бир туугандардын ортосунда эч кандай тууганды к байланыш болбойт. Эгер тамак-аш жетишпесе, алар бири-бирин жеп салышат!

Көпчүлүк жөргөмүштөр курт-кумурскалар жана башка майда сойлоп жүрүүчүлөр менен азыктанат. Ал түгүл майда чымчыктарды, жумурткаларын дагы жеген жөргөмүштөр кездешет.

Ошол эле учурда, жөргөмүштөр ар кандай канаттууларга, кырк аяктарга жана башка чоңураак жырткыч курттарга да жем болушу мүмкүн.



Жөргөмүштөрдүн душмандары көп болгону менен, алар саны жагынан басымдуулук кылат. Жөргөмүштөр дүйнөнүн бардык булуң-бурчунда кездешет.



Табигый шартта жөргөмүштөрдүн айрым түрлөрү бир нече ай жашаса, башкалары ондогон жылдар бою өмүр сүрүшөт. Көпчүлүк адамдар, тилекке каршы, жөргөмүштөрдү абдан жаман көрүшөт, кээ бирлери алардан коркушат. Жөргөмүштөн коркуу “арахнофобия” деп аталат.

Айрымдар аларды абдан жактырышып, үй жаныбары катары багат. Мисалы, Тарантул деген түктүү жөргөмүштү “мамалак жөргөмүш” деп көп адамдар жакшы көрөт!

Кээ биреөлөр үчүн түктүү, коркунучтуу, кээ биреөлөргө жакшынакай көрүнөт.





Мен жөн гана сенин мамалак жөргөмүшүң болгум келет!

Жөргөмүштүн шамдагай кыймыл-аракетине, чапчаңдыгына, желесин жайганда укмуштай чыдамкайлыгына жана тырышчаактыгына суктанам.

Бир нече күн мурун менин жуунуучу бөлмөмдө бир жөргөмүш конок болду.


А бүгүн компьютеримдин үстүндө башка жөргөмүш жүрөт. Ал менин жөргөмүштөр жөнүндө жазгандарыма көз салып отурат...




**Кызыктуу фактылар**

Бардык эле жөргөмүштөр желе токубайт. Ийинчил жөргөмүштөр чакан ийин казып, анын оозуна түтүк сымал желе токуйт. Өзү ичинде күтүп отурат да, өтүп бараткан курт-кумурска болсо, чыга калып ийинге сүйрөп кетет!

Жөргөмүштүн дагы бир түрү курт жакындап калганда, жабышкак жиби менен атат. Болас жөргөмүшү узун жабышкак жипти чубалтып коюп, учуп бараткан чымын-чиркейди кармайт.





А мен балыкты
кармай алам
Кана-кана, бир чиркейди
кармайын!

Кумурскага окшош жөргөмүш кумурскалардын уясында жашайт. Кумурскалар көрбөй турганда, алардын бирөөсүн жеп коёт да, эч нерсе болбогондой түр көрсөтөт! Суучул жөргөмүш алдыңкы буттарын суугa салып коюп, суудан секирген балыкка кол салат.




Томсоид жөргөмүштөрү же чаян жөргөмүштөр гүлдөргө түспөлдөш келип, гүлдүн ичинде жашырынып жатышат. Аары гүлгө конгондо, аны шап кармашат.





а) б) в) г)

Бул оңой. Үч бурчтук, андан кийин алты бурчтук,
андан соң велосипед дөңгөлөгү ...



д) е) ж) з)

Желе тууралуу!

Жөргөмүштүн кээ бир түрлөрү токулган желесине ийри-буйру белгилерди коюшат. Мунун анык себебин эч ким билбейт. Балким, учуп бараткан канаттууларга эскертүүчү белгилер катары колдонулар. Же болбосо курт-кумурскаларды желеге багытташы мүмкүн. Же жөн гана желени бекемдейт.

Архитекторлор жөргөмүштүн желесинин түзүлүшүн колдонуп, спорттук стадион курабыз деп ойлошот. Анткени желе тышкы таасирге абдан туруктуу келет.

Айрым жөргөмүштөрдүн желеси курт-кумурскалардан тышкары абадагы майда заттарды кармай алат. Ошондуктан аны абаны булгоочу заттарды текшерүүгө колдонсо болот.

Окумуштуулар бир сааттын ичинде жөргөмүштөн 100 метрден ашык жибек тарта алышкан!



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ранжит Лал
Сүрөтчү: Санжай Саркар
Которгон жана адаптациялаган:
Үмүт Жолдошова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**